**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗСТАН ИСЛАМ УНИВЕРСИТЕТИ**

| **КАРАЛДЫ** | **БЕКИТЕМИН** |
| --- | --- |
| Окумуштуулар кеңешинин № протоколу | Кыргызстан ислам университетинин ректору, проф. |
| | _______________ Нарматов А.И. |
| "22" ___12___ 2023-ж. | "22" ___12___ 2023-ж. |

# КЫРГЫЗСТАН ИСЛАМ УНИВЕРСИТЕТИНИН РАСМИЙ ВЕБ-САЙТЫ ТУУРАЛУУ ЖОБО

Бишкек-2023

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобо Кыргызстан Ислам Университетинин (мындан ары — КИУ) расмий веб-сайтын (**https://www.kiu.kg**) түзүүнүн, иштетүүнүн, маалыматтык мазмунун (контентин) калыптандыруунун жана уюштуруунун тартибин аныктайт.

1.2. КИУнун расмий веб-сайты университеттин интернет мейкиндигиндеги расмий маалыматтык булагы болуп саналат жана КИУнун бирдиктүү санариптик имиджин калыптандырууга кызмат кылат.

1.3. Веб-сайт менен иштөөдө Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Маалыматка жетүү эркиндиги жөнүндө» мыйзамдары жана КИУнун Уставы жетекчиликке алынат.

1.4. Веб-сайттын маалыматтары ачык, коомчулукка жеткиликтүү жана расмий (кыргыз, орус, араб) тилдеринде жарыяланат.

**2. Веб-сайттын максаттары жана милдеттери**

2.1. **Максаты:** КИУнун билим берүү, илимий жана агартуучулук ишмердүүлүгүн интернет тармагында расмий чагылдыруу, талапкерлер, студенттер жана коомчулук үчүн маалыматтык ачык-айкындуулукту камсыз кылуу.

2.2. **Милдеттери:**

- Университеттин тарыхы, түзүмү, багыттары жана факультеттери тууралуу расмий маалыматтарды жайылтуу;
- Аккредитациялык талаптарга ылайык, билим берүү программалары, силлабустар жана укуктук-нормативдик документтерди ачык жайгаштыруу;
- КИУда өткөрүлгөн илимий конференциялар, диний-агартуучулук иш-чаралар жана жаңылыктар тууралуу коомчулукка убагында маалымдоо.

**3. Веб-сайттын түзүмү жана маалыматтык мазмуну (Контент)**

Веб-сайттын түзүмү төмөнкү негизги бөлүмдөрдөн турат жана алар туруктуу жаңыртылып турат:

- **Университет жөнүндө:** Жетекчилик (Ректорат), КИУнун тарыхы, миссиясы, Уставы жана лицензиялары.
- **Академиялык ишмердүүлүк:** Факультеттер, кафедралар, билим берүү программалары (Бакалавриат, Магистратура) жана кабыл алуу эрежелери (Талапкерлер үчүн).
- **Илимий иштер:** Илимий журналдар, макалалар, конференциялар жана КИУнун басылмалары.

- **Санариптик шилтемелер:** Ички «AVN» маалыматтык системасына, электрондук китепканага жана онлайн билим берүү ресурстарына түз өтмөктөр.
- **Жаңылыктар жана Медиа:** Университеттин күнүмдүк турмушунан фото-видео отчеттор, диний маалыматтар жана расмий кулактандыруулар.

**4. Веб-сайтты башкаруу жана жооптуу бөлүмдөр**

4.1. **Санариптик технологиялар жана IT бөлүмү:** Веб-сайттын техникалык иштешин, домендик коопсуздукту (SSL сертификаттарын), хостингди жана хакердик чабуулдардан коргоону камсыз кылат.

4.2. **Басма сөз кызматы (Пресс-служба) жана коомчулук менен байланыш бөлүмү:** Веб-сайттын жаңылыктар блогун, маалыматтык мазмунун кыргыз жана орус тилдеринде стилистикалык жактан туура калыптандырат жана сүрөт/видео материалдарды жайгаштырат.

4.3. **Кафедра башчылары жана Декандар:** Өз бөлүмдөрүнө тиешелүү окуу программаларынын, окутуучулардын тизмесинин жана усулдук материалдардын тактыгын текшерип, жаңыртуу үчүн Пресс-кызматка өз убагында өткөрүп турушат.

**5. Маалыматтык коопсуздук жана этикалык нормалар**

5.1. Веб-саатта Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келген, саясий жана конфессионалдык аралык калыс эмес маалыматтарды, ошондой эле КИУнун имиджине шек келтирүүчү материалдарды жайгаштырууга катуу тыюу салынат.

5.2. Студенттердин жана кызматкерлердин жеке маалыматтары (персональные данные) алардын расмий макулдугусуз сайтта ачык жарыяланбайт.

5.3. Веб-сайттын администратордук панелин кирүү логиндери жана паролдору купуя сакталат жана IT бөлүм башчысынын уруксатысыз үчүнчү тарапка берилбейт.

**6. Корутунду жоболор**

6.1. Бул Жобо КИУнун Окумуштуулар кеңешинде бекитилгенден кийин күчүнө кирет. 6.2. Веб-сайттын дизайнын же негизги Түзүмүн өзгөртүү университеттин өнүгүү стратегиясына ылайык ректордун буйругу менен ишке ашырылат.